| Indicator | Description |
|---|---|
| **Lesson Attendance** | In the class taught using the creative methodology, attendance reached 96%, while in the traditional class it was 82%. This indicates increased motivation. |
| **Independent Work Scores** | Students in the experimental class performed well on independent tasks, averaging 4.7 points, compared to 3.9 points in the control class. |
| **Group Work Activity** | Students in the creative class actively participated, demonstrated teamwork, and effectively found solutions. |
| **Thinking Skills** | Students in the experimental class demonstrated analytical and creative thinking, while the control class primarily showed reproductive (memorization-based) thinking. |

Based on the data in the table, it can be concluded that lessons organized using a creative approach significantly contributed to the development of high student engagement, as well as their independent and creative work skills.

**Conclusion:** The results of the study demonstrated that project-based learning organized through a creative approach increases students' interest in the lesson, reinforces theoretical knowledge through practical activities, and develops skills in independent thinking, communication, teamwork, and critical reasoning. This methodology is recommended as one of the universal educational approaches that can be effectively applied not only in physics but also in other natural sciences. The outcomes presented in the chart and table clearly confirm the practical value of this approach.

**List of References:**

1. Anderson L. W., Krathwohl D. R. *A Taxonomy for Learning, Teaching, and Assessing*. Longman, 2001.
2. Bahromova G. *Innovatsion ta'lim texnologiyalari*. -Toshkent, 2020.
3. Gilford, J. P. *The Nature of Human Intelligence*. - New York: McGraw-Hill, 1967.
4. G'aybullayev O. *Zamonaviy pedagogik texnologiyalar*. -Toshkent, 2018.
5. Dewey, J. *Experience and Education*. -New York: Macmillan, 1938.
6. Kosimova M., *STEM ta'lim yondashuvi asoslari*. -Andijon, 2021.
7. Solihov N. M. *Fizika o'qitish metodikasi: nazariya va amaliyot*. -Toshkent, 2020.
8. Torrance, E. P. *The Creativity*. New Jersey: Ablex Publishing, 1995.
9. UNESCO. *Creativity in Education: A Global Perspective*. -Paris, 2019.
10. Uzbek Oliy Ta'lim Vazirligi. *Pedagogik innovatsiyalar metodik qo'llanmasi*. 2023.

DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-62-128-136
УДК: 37:39

***Омурзакова К. К.**, ага окутуучу*
omurzakova.k@iksu.kg
*ORCID: 0009-0006-1752-1912*
***Кенешова С. Т.**, студент*
sezim.0619@icloud.com
*ORCID: 0009-0002-0451-2479*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

## КЫРГЫЗ ЭТНОПЕДАГОГИКАСЫНДАГЫ НЕГИЗГИ МАСЕЛЕЛЕР ЖАНА АЛАРДЫ ЧЕЧҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

*Макалада кыргыз этнопедагогикасынын негизги маселелери каралып, улуттук тарбиянын мазмуну, методдору жана билим берүү системасындагы орду талдоого алынат. Этнопедагогикалык салттардын заманбап билим берүү менен байланышын карап чыгып, улуттук баалуулуктарды сактап калуу жана жаңы шарттарга ылайык адаптациялоо жолдору көрсөтүлөт. Изилдөөнүн жыйынтыгында кыргыз этнопедагогикасынын мүмкүнчүлүктөрүн толук кандуу пайдаланууга тоскоол болгон факторлор аныкталып, аларды чечүү боюнча сунуштар берилет.*

*Этнопедагогиканын илимий-теориялык жана практикалык мааниси, ошондой эле маданият, этнография жана жаш муундарга таалим-тарбия берүүдө этнопедагогиканын орду руханий байлыкты, педагогикалык асыл ойлорду салыштыруу аркылуу берилди. Кытай жана немис элдеринин этнопедагогикалык тажрыйбалары салыштырмалуу талдоо аркылуу көрсөтүлдү. Этнопедагогикалык изилдөөлөр орчундуу саясий-идеологиялык мааниге да ээ экендигин баса белгиленди. Батыштын этнографиялык, философиялык адабияттарында өкүм сүргөн “маданий жактан артта калган эл” деген айрым пикирлеринин төгүнгө чыгарылышы да макалада белгилене кетти. Кыргыздын элдик тарбиясын учурда заманбап жайылтууну көздөө жана ошону менен гана чектелбестен, аны билим берүү системасынын педагогикалык дисциплиналарында кеңири, туура пайдаланууга, ошондой эле мамлекетибиздеги жаштарыбыздын дилине терең сиңирүүгө чакыруу орун алат. Этнопедагогика илиминин предметин, илимий-практикалык географиясын, изилдөө чектерин, илимий-практикалык маанисин ар тараптуу түшүнүүгө жардам берери маалым экендиги аныкталды жана анын негизинде бир канча милдеттер сунуш кылынат. Атап айтканда, болочок муундардын улуттук баалуулуктар боюнча билимге ээ болушу жана даңазалоосу, акылы, жүрөгү жана бүтүндөй күч-аракети менен элдин салттуу дөөлөттөрүн сүйүүсү, аларды жокко чыгарбоо үчүн ишеними жана улуттар аралык кызматташуу, баарлашуу жана өз улутунун баалуулуктарын билүү, тактап айтканда, патриоттук тарбияны калыптандыруу маселелери өзгөчө белгиленет.*

***Түйүндүү сөздөр**: этнопедагогика, тарбия берүү, инсан, маданият, эл.*

***Омурзакова К. К.**, ст. преподаватель*
*omurzakova.k@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0006-1752-1912*
***Кенешова С. Т.**, студентка*
*sezim.0619@icloud.com*
*ORCID: 0009-0002-0451-2479*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## ОСНОВНЫЕ ПРОБЛЕМЫ КЫРГЫЗСКОЙ ЭТНОПЕДАГОГИКИ И ПУТИ ИХ РЕШЕНИЯ

*В статье рассматриваются основные проблемы кыргызской этнопедагогики, анализируются содержание, методы и место национального воспитания в системе образования. Изучив взаимосвязь этнопедагогических традиций с современным образованием, авторы предлагают пути сохранения национальных ценностей и их адаптации к новым условиям. По результатам исследования определены факторы, препятствующие полноценному использованию потенциала кыргызской этнопедагогики, и предложены рекомендации по их устранению. Научно-теоретическое и практическое значение этнопедагогики, а также ее роль в культуре, этнографии и воспитании молодого поколения раскрыты через сравнение духовного богатства и педагогических идей. Проведен*

*сравнительный анализ этнопедагогического опыта китайского и немецкого народов. Подчеркивается, что этнопедагогические исследования имеют важное политико-идеологическое значение. В статье также опровергаются некоторые распространенные в западной этнографической и философской литературе взгляды о «культурно отсталых народах». Особое внимание уделяется современному распространению кыргызского народного воспитания, его интеграции в педагогические дисциплины образовательной системы и глубокому усвоению молодежью.*

*Определено, что понимание предмета этнопедагогики как науки, ее научно-практической географии, границ исследования и значения способствует всестороннему осмыслению этой области. На этой основе предложен ряд задач, в частности: обеспечение будущих поколений знаниями о национальных ценностях и их почитание, воспитание любви к традиционным устоям народа, сохранение их через единство разума, сердца и действий, укрепление межнационального сотрудничества и взаимопонимания, формирование патриотического воспитания через осознание ценностей своей нации.*

*Особо выделяется необходимость популяризации этнопедагогики в образовательных программах и ее практического применения в воспитании молодежи.*

***Ключевые слова**: этнопедагогика, образование, личность, культура, народ.*

***Omurzakova K. K.**, senior lecturer*
*omurzakova.k@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0006-1752-1912*
***Keneshova S. T**, 2nd year student*
*sezim.0619@icloud.com*
*ORCID: 0009-0002-0451-2479*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol, Kyrgyzstan*

## MAIN PROBLEMS OF KYRGYZ ETHNOPEDAGOGY AND WAYS TO SOLVE THEM

*The article deals with the main issues of Kyrgyz ethnopedagogy, analyses the content, methods and place of national upbringing in the education system. The author considers the relationship between ethnopedagogical traditions and modern education, suggests ways to preserve national values and adapt them to new conditions. The results of the study reveal the factors that hinder the full utilisation of the potential of Kyrgyz ethnopedagogy and provide recommendations for their solution. This article presents the scientific-theoretical and practical significance of ethnopedagogy, as well as its role in the education of youth, spiritual wealth, and pedagogical ideals through the comparison of cultures, ethnography, and education. The ethnopedagogical practices of the Chinese and German peoples are analyzed through a comparative approach. It is also emphasized that ethnopedagogical studies have significant political and ideological importance. In fact, the article highlights the refutation of certain ideas recorded in Western ethnographic and philosophical literature regarding the "culturally backward peoples." The article discusses the need for the dissemination of the traditional education of the Kyrgyz people in modern conditions and its proper application in the pedagogical disciplines of the education system, as well as its deep integration into the consciousness of the youth of the country. It is determined that ethnopedagogy contributes to a comprehensive understanding of the subject, scientific-practical geography, research boundaries, and scientific-practical significance, and based on this, several tasks are proposed. In particular, the importance of instilling knowledge and respect for national values in future generations, love for the traditional heritage of the people, faith in its preservation, and the necessity of strengthening interethnic cooperation, communication, and fostering patriotism and respect for one's own culture are emphasized.*

***Keywords**: ethnopedagogy, education, personality, culture, nation.*

Этнопедагогика – элдин тарыхый, маданий, моралдык жана руханий тажрыйбасына таянган тарбиянын формасы. Кыргыз элинин кылымдардан бери келаткан тарбиялоо ыкмалары – улуу мурас, ал эми аларды изилдөө жана заманбап шартка ылайык адаптациялоо – учурдун талабы.

Кыргыз этнопедагогикасында адамдык сапаттарды калыптандыруу, улууларды урматтоо, жаратылыш менен гармонияда жашоо, адеп-ахлак маселелери өзгөчө орунду ээлейт. Бирок бүгүнкү күндө бул тармакта бир катар маселелер да бар, мисалы, билим берүү процессинде улуттук компоненттин жетишсиздиги, салттуу тарбиянын баалуулугунун төмөндөшү, мугалимдердин этнопедагогикалык даярдыгынын аздыгы ж. б.

Этнопедагогика илиминин өз алдына койгон жалпы жана конкреттүү милдеттери бар. Бул милдеттер, биринчиден, калк казынасында катылып, кадимки турмушта өнүгүп келген элдик педагогикалык идеялар менен тажрыйбаларга талдоо жүргүзүүгө байланыштуу болсо, экинчиден, элдик педагогиканын орошон салттарын азыркы окуу-тарбия мекемелеринде натыйжалуу пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштарды иштеп чыгууга байланыштуу. Демек, этнопедагогиканын илимий-теориялык мааниси менен катар практикалык мааниси да өтө зор. Ал мугалимдерди, ата-энелерди көп кылымдык сыноодон өткөн педагогикалык акыл-ойлор, тарбиялоонун ийкемдүү, таасирдүү усулдары, жол-жоболору менен куралдандырат, жаш муундарга өзүнүн рухий көрөңгөсүн, нарк-насилин нукура элдик нарк дөөлөттөр менен байытуу, өркүндөтүү үчүн шам чырак катары кызмат кылат.

Ошону менен бирге эле этнопедагогикалык изилдөөлөр орчундуу саясий-идеологиялык мааниге да ээ. Ал Батыштын этнографиялык, философиялык адабияттарында өкүм сүргөн “маданий жактан артта калган эл” деген калпыс пикирлерди төгүнгө чыгарат. Дүйнөдө өзүнүн түптүү маданияты жок эл болбойт. Болгон да эмес. Жер жүзүндөгү ар бир эле улут көз жарган мезгилинен баштап тарыхый тажрыйбалардын негизинде урпактарынын улам алгалап өсүшү үчүн не бир кайталангыс салттуу маданият түзүүгө умтулуп келген. Айтмакчы, рухий маданият чөйрөсүндө өзүн башка бирөөнөн кем баалаган эмес. Алсак, элдик фольклор өзүнүн интеллектуалдык, этикалык, эстетикалык баалуулугу менен ошол элдин рухий керектөөлөрүн канааттандырат жана инсандын өз улутуна карата сыймыктануу сезимин калыптандырат. Айталы, 1 миллиарддан ашык кытай эли да, 700гө жетпеген юкагир эли да өзүнүн кайталангыс руханий маданиятына ээ. Өзүнүн түпкүлүктүү төл маданиятынан кол жууган элдин келечеги жок, андай эл тарыхый аренадан оолактап, өз алдынча этнос катары жашоосун токтотот. Түштүк Сибирдеги Саян тоолорунун этегинде жашаган койбал, камасин сыяктуу этностор ушундай трагедиялуу тагдырга туш болушкан. Булардын катарына Германиядагы эльба жана одер бассейндеринде жашашкан, немис этносуна сиңип кеткен батыш славян урууларын да кошууга болот. Этнопедагогикалык изилдөөлөр мына ушундай тарыхый сабактарга назар салуу менен, этностун рухий маданиятынын өткөн чагы, азыркысы жана келечектегинин ортосундагы байланыштардын маңызын ачык-айкын түшүндүрөт. Бул маселенин маани-маңызын айкын түшүнүү бүтүндөй элдин да, жеке адамдын да аң-сезимдүү өмүр сүрүшү жана өсүп-өнүгүшү үчүн өтө маанилүү [3, 38-б.].

Этнопедагогиканын өнүгүшүнө, изилденишине таасирлерин тийгизген негиздеген окумуштууларыбыз А. Алимбеков, Т. М. Сияев, Н. А. Асипова, А. Муратов, К. Кенжешев жана башкалардын эмгектери келечек муундарды тарбиялоодо салмагы опол тоодой.

**1. Кыргыз этнопедагогикасынын өзгөчөлүктөрү**

Кыргыз этнопедагогикасы элдик нарк-насилди, үрп-адатты, макал-лакаптарды, оюндарды, каада-салттарды өзүнө камтыйт. Кыргыз элинин тарбия концепциясында уул балдар менен кыздардын идеалы алардын үй-бүлөлүк жана коомдук турмуштагы ордуна, функциясына карай өз алдынча, өзгөчө мерчемдер менен аныкталган. Атап айтсак, уул балдарды тарбиялоонун идеалы байыркы доорлордон азыркы күнгө чейин «эр жигит» деген түшүнүк менен туюнтулуп келет. Бул түшүнүктүн мазмуну түбү бир түрк элдеринин баарында бирдей кабылданышы – алардын педагогикалык маданиятынын кыртышы бир экендигинин дагы бир далили. Кыргыз элинин «эр жигит» жөнүндөгү түшүнүгүндө «Манас» эпосундагы идеалдуу инсан жөнүндөгү адеп-ахлактык чен-өлчөмдүн таасири да ачык байкалат. Демек, «эр жигит» түшүнүгү – калайык-калктын уул балдарды тарбиялоого байланышкан акыл туюмунун, тарыхый тажрыйбаларынын туундусу. Салыштыра алганда, «эр жигит» идеалынын мазмуну орус элиндеги «азамат уул» (добрый молодец), жапан элиндеги «самурай», англичандардагы «жентельмен» деген түшүнүктөргө жакын. Алардын баарына тең эле албеттүүлүк, эр жүрөктүүлүк, тайманбастык, кичипейилдик, калыстык, шайыр-шайдооттук сыяктуу жалпы касиеттер мүнөздүү. Демек, жигит идеалынын мазмуну жалпы адамзаттык нарк-дөөлөттөргө шайкеш.

Жигиттик, айрым жаштар жеңил баалагандай, мырзачылык кылып жасанып, жорго минип, куш салып, оюн-тамаша куруп, үлпөт үстүндө жүрүү эмес. Жигиттик – адамдын коомчул нарк-сезиминин жетилгендиги. Ал – өнөр-билим, тажрыйбага ээ болуунун, атуулдук жетилүүнүн чен-өлчөмү. Элдик макалда «Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат», - деп тегин жерден айтылбаса керек. Кыргыз макалдарында «эр жигиттин» моралдык кодекси эл ичинде эзелтен калыптанган төмөнкүдөй мерчемдер менен мүнөздөлөт: «Атанын уулу болуш урмат, элдин уулу болуш кымбат», «Жигитке бир сыр, жети кыр керек», «Элден безген эр эмес, жоодон качкан шер эмес», «Эр – намыстын кулу», «Эрдин даңкын эмгек чыгарат».

Эр жигит түшүнүгүнүн эзелтен калыптанган мазмунун ар тараптуу ачып көрсөтүү, аны жаңы доордогу руханий баалуулуктардын жана өз таанымтажрыйбасынан келип чыккан акыл-ойлор менен байытуу – акындар чыгармачылыгында да салтка айланган көрүнүштөрдүн бири. Албетте, бул темага бардык эле акындар кайрылса да, айтарлык натыйжага табиятынан даанышмандык нускасы бар акындар гана жетише алган. Ошолордун бири Б. Алыкулов болгон. Адабиятчы К. Даутов таамай белгилегендей, «Барпы адамды ар кандай чен-өлчөмдөр менен, ар тараптан келип карап, түрдүү мүнөздөрдү салыштырып, талдап, терс жактарын иргеп таштап, оң сапаттарынан алып, кошумчалап, жалпылап олтуруп (скульптор түрдүү этюддардан жалгаштырып келип бир тулкуну түзгөндөй), өз идеалындагы ошондой личносттун көркөм концепциясын иштеп чыккан» [5, 69-б.].

Барпы акын «Болор жигит», «Болбос жигит», «Эр жигитке сын», «Жигиттик», «Марттык», «Баатырдык» деген ырларында биз сөз кылып жаткан эркектер тобунун мүнөз дүйнөсүн иликтеп, өзүнүн байкоолору менен коштоп, жалпылап, эр жигиттин ырааттуу идеалын түзгөн. Акындын пикири боюнча, чыныгы жигиттин артыкча ар-намысы, сөздөрүнүн курчу, бекем эрки, өзгөчө сүрү болот. Чыныгы жигит барда да, жокто да ар-намыс менен адамдык наркты бийик сактайт: «Кедей да болсо малдуудай, /Чырмаган дартка карабай. / Чабан да болсо алдуудай,/ Чындык сөзүн бетке айтат,/ Чаңгектен аккан шар суудай».

Чыныгы жигит – коомчул ыкластын алып жүрүүчүсү. Андайлар: «Элдин ишин тууралап, / эч кимге кылбайт кыянат, / өзүнөн улуу кишиден,/ адеп сактап уялат», «Кеңешин элге билгизет,/ бекке пейил киргизет./ Калк намысын талашат,/ Тууганына туу болот,/ душманына келгенде,/ чылап койгон уу болот». Эр жигиттин нарк-насили акындын «Санат» аттуу ырында төмөнкүдөй сапаттар менен толукталат: «Калың элдин калкасы, / Болгон жигит жакшы экен. / Кадыры элге бөтөнчө,/ Өткөн жигит жакшы экен./ Көпчүлүктү күлдүргөн,/ Шайыр жигит жакшы экен». Жалпылап айтканда, жигиттик – жетик акыл, ак дил, тунук сезим, тең караган калыстык, сылыктык, кичи пейилдик, кайраттуулук, шайырдык, шайдооттук. Аны дайыма эл мүдөөсү жетектейт. Ал өмүрүн, эмгегин, эрдигин, эл-журт тагдырына анын келечек бактысына багыштайт.

Ал эми аял затынын идеалы кандай чен-өлчөмдөр менен бааланат? Кыргыз эли байыртан эле аялдардын коомдогу ордун жогору баалап, аларга ызаат-урмат менен мамиле кылышкан. Элдин түшүнүгүндө, аял – үйдүн куту, турмуштун туткасы. Элдик макалдарда таасын туюнтулгандай, эр жигиттин коомдогу орду, мартабасы, бедел-кадыры, бак-таалайы алган жарына жараша болот: «Жакшы катын жаман эрди эр кылат, жаман катын жакшы эрди жер кылат», «Катыны жакшы болсо, эри бактылуу болот», «Алганың жакшы болсо, жакаң агарат, жаман болсо, чачың агарат». «Манас» эпосунда «Манасты Манас кылган Каныкей» деген сөздү баатырдын достору да, кастары да айтышат.

“Кыргыз элинин дидактикалык чыгармаларында, айрыкча, кыздар темасына кеңири орун беришкен. “Кыз төрөлсө, кырк жылкы” дешкен. Ошондой эле жоокерчилик заманда уруулардын бирин-бири колдошу биринчи планга чыккан. “Дос айрылат, сөөк кайрылат”, “Кызды сураганга бер, кымызды ичкенге бер”. Демек, кыз төрөлгөндө ошол тарап мезгили келгенде ишеничтүү колдоочусу болоруна сүйүнүшкөн” [10, 93-б.]

Жакшы кыз – ата-энесинин гана эмес, жалпы урук, уруунун абийири, ырыскысы. Коомдук пикир кыз баланын ыйман-ызаатын, үй-бүлөлүк турмушка даярдыгын, баарынан мурда, ата-энелердин таалим-тарбиясына байланыштуу караган. Ушуга байланыштуу, ата-бабалар: «Келин жаман эмес, келген жери жаман», «Кыздын сыры төркүнгө маалым», «Кызың жаман болсо, жети атаңа жетер, аттигиниң ай деп өмүрүң өтөр», - деп нускайт.

Макал-лакаптар аркылуу балдарга таалим-тарбия берилет (“Эшигин көрүп төрүнө өт, энесин көрүп кызын ал”, “Улууга урмат, кичүүгө ызат” ж. б.).

Жомоктор баланын элестетүүсүн өнүктүрөт жана ак-караны айырмалоого үйрөтөт.

Элдик оюндар социалдык көндүмдөрдү жана кыймыл активдүүлүгүн арттырат.

**2. Этнопедагогикадагы негизги маселелер:**

• Теориялык негиздердин жетишсиз иштелип чыгышы: этнопедагогика көбүнчө оозеки мурастарга таянган, бирок аларды системалаштыруу аз;

• Мугалимдердин даярдыгы: педагогдордун көбү этнопедагогикалык методдорду өздөштүрө элек;

• Улуттук материалдардын жетишсиздиги: окуу китептерде жана программаларда этнопедагогикалык мазмун аз камтылган;

• Ата-энелердин катышуусунун аздыгы: үй-бүлөлүк тарбия менен мектептик тарбиянын байланышы начар (“Энелер мектебинин” ачылышы менен жылыш бар десек болот);

**3. Мүмкүн болгон чечүү жолдору:**

• Окуу программаларына этнопедагогикалык элементтерди киргизүү;

• Мугалимдер үчүн улуттук тарбияны берүү ыкмалары боюнча атайын курс, семинарларды өткөрүү;

• Окуу китептерин жана колдонмолорду улуттук негизде кайра иштеп чыгуу;

• Салттуу маданият элементтерин салттуу оюндар, ырлар, жомоктор аркылуу билим берүү чөйрөсүндө колдонуу;

• Үй-бүлө, коом жана мектеп кызматташуусун күчөтүү.

Демек, «тарбия» деген уңгу сөзгө *-лоо* мүчөсү жалганганда, инсандын көп кырдуу сапаттарын калыптандыруу, өстүрүү процессин, мыйзам ченемдүүлүктөрүн мүнөздөөчү түшүнүккө айланат. Жалпылап айтканда, кыргыз элиндеги «тарбиялоо» түшүнүгү баланы багуу, кароо, анын акыл-эсин өстүрүү, ден соолугун чыңдоо, аны өрнөктүү жүрүм-турум адаттарына үйрөтүү дегенди билдирет [2, 45-б.]. Бул түшүнүктүн мааниси жогоруда макалдарда таамай берилди десек болот.

Ал эми төмөндө сунушталган маселелер этнопедагогика илиминин предметин, илимий-практикалык географиясын, изилдөө чектерин, илимий-практикалык маанисин ар тараптуу түшүнүүгө жардам берет. Аларды, жалпысынан, төмөнкүдөй мүнөздөөгө болот:

- Элдин негизги педагогикалык түшүнүктөрү (багуу, кароо, асыроо, тарбиялоо, бутуна тургузуу, эрезеге жеткирүү, адам катарына кошуу);
- Элдик педагогиканын кенч-казыналары, булактары (уламыш, болмуштар, дастандар, жомоктор, макал-лакап, табышмактар, элдик ырлар, колдонмо-жасалга өнөрү, таштагы жазуулар, акындар чыгармачылыгы, санжыралар);
- Элдик тарбиянын мазмуну жана максат-милдеттери (пейил мүнөзду, адеп-ахлакты, акыл жана дене бой маданиятын калыптандыруу, ден соолукту сактоо, чыңдоо, көркөм-эстетикалык табитти өстүрүү ж. б.);
- Тарбиялоонун факторлору (жандуу жаратылыш, эне тил, эмгек, каада-салт, үрп-адаттар, элдик өнөр, дин, турмуш-тиричилик ж. б.);
- Тарбиялоонун усулдары (өрнөк, түшүндүрүү, ынандыруу, ишеним, бата, өтүнүч, кеңеш, ишаарат, алкыш, какшык, зекүү, эскертүү, көндүрүү, тыюу, коркутуу, дем берүү ж. б.)
- Тарбиялоонун каражаттары (эпостор, жомоктор, макалдар, табышмактар, жаңылмач, апыртма, бат айтма, элдик ырлар, көркөм өнөр, оюндар, табият, элдик майрамдар ж. б.);
- Адамзаттын жамааттык жашоо образынын педагогикалык концепциясы (үй-бүлө, урук, уруу, коом, эл, адамзат);
- Дүйнө элдеринин педагогикалык маданияттарындагы жалпылыктар жана бөтөнчөлүктөр (жалпы адамзаттык педагогикалык маданият, түрк элдеринин педагогикалык маданияты, славян элдеринин педагогикалык маданияты ж. б.),
- Элдик тарбиячылар (ата-эне, улуулар, карыялар, усталар, уздар, саяпкерлер, мүнүшкөрлөр, эсепчилер, манасчылар, жомокчулар, акындар, санжырачылар, уламалар);
- Элдик педагогикадагы инсандык идеалдар (чыныгы адам, эр жигит, аксакал, карыя, ак көрпө жайыл ургаачы, жабылуу кара инген, ак жоолук делбир ж. б.);
- Азыркы таалим-тарбия процессин этнопедагогикалык нукта өркүндөтүү (мектеп жашына чейинки балдарды тарбиялоонун этнопедагогикалык концепциясы, орто мектептин окуу-тарбия ишин этнопедагогикалык багытта уюштуруу проблемалары);

• Мугалим-тарбиячылардын этнопедагогикалык маданиятын өркүндөтүүнүн проблемалары (улуттук мугалимдин кесиптик чеберчилиги, жогорку окуу жайларындагы психология жана педагогика курстарынын мазмунун этномаданий нукта модернизациялоо, мугалимдерди даярдоодогу этнопедагогикалык билимдердин орду жана аткарган кызматы) [2, 31-б.].

Аталган маселелерди конкреттүү элестетип, тереңирээк ой жүгүртсөк, алардын ар биринде каза берсе катмарланып чыга бере турган көп түйүндүү маселелер толуп жатат. Ошолордун баарын ийне-жибине чейин териштирип, улуттун педагогикалык маданиятынын толук казынасын түзүп, жалпылап чыгыш эбегейсиз эмгекти, күч-аракетти талап кылат. Бул маселелерди терең түшүнүү үчүн этнопедагогика илиминин түпкү маңызы болгон элдик педагогикадагы “тарбия” категориясын кийинки бөлүктө терең түшүнүп алуу зарыл.

Жогоруда кыргыз этнопедагогикасынын айрым гана маселелери каралып өттү. Булардан сырткары дагы көптөгөн маселелер бар. Алардын ар бирине кеңири токтолуу көп убакытты талап кылары анык. Ошентсе да, олуттууларына токтолуп, аларга карата мүнөздөмөлөрдү берип, алардын өзгөчөлүктөрүн талдап өтүүгө аракеттендик десек болот.

Негизинен, этнопедагогика илиминин маселелери туурасында буга чейин көптөгөн маалыматтар талданып, илимий-методикалык эмгектер жарыяланган. Макалабызда этнопедагогика илиминин өз алдына койгон жалпы жана конкреттүү милдеттери каралып өттү. Бул милдеттер, биринчиден, калк казынасында катылып, кадимки турмушта өнүгүп келген элдик педагогикалык идеялар менен тажрыйбаларга талдоо жүргүзүүгө байланыштуу каралса, экинчиден, элдик педагогиканын орошон салттарын азыркы окуу-тарбия мекемелеринде натыйжалуу пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштарды иштеп чыгууга байланыштуу каралды.

Бирок аларды жалпылаштырып, бүгүнкү күндүн көз карашында кийинки муундарга жана өзүбүзгө сабак ала алган учурлары тууралуу көбүрөөк басым жасалган милдеттерди иштеп чыгууну жаңы саамалык катары эсептөөгө болот. Анткени азыркы билим берүү системасына кыргыздын салттуу тарбия маданиятын мындан ары да кененирээк жайылтуу жана аларды көзөмөлгө алуу – бүгүнкү күндүн талабы. Ошол себептен төмөндөгү иштелип чыккан милдеттер ар бир жарандын жана кийинки муундун жүрөгүнөн орун алат деген ишенимдебиз:

- улуттун баалуулуктарын билүү, даңазалоо;
- акылы, жүрөгү жана күч-аракети менен кыргыздын салттуу дөөлөттөрүн сүйүү, аларды жокко чыгарбоого ынануу;
- улуттар аралык кызматташууну, баарлашууну, чыгармачылыкты өнүктүрүү менен бирге, өз улутунун баалуулуктарын башка улуттун баалуулуктарынан жогору коё билүү;
- элдик тарбияны сыйлай билүүгө үйрөнүү жана ага карата жоопкерчиликти ала билүүнү өнүктүрүү;
- тууган-урукка, бөбөктөргө, тели-теңтушка, кийинки муунга кыргыздын салттуу баалуулуктарын сыйлоого, сүйүүгө дем берүү;
- салттуу тарбия маданиятынын дөөлөттөрүн ар түрдүү иш-чаралар аркылуу эл алдына тартуулоо.

Чындыгында, азыркы коомдук шарт баланы өтө өзгөрмөлүү шарттарга дуушар кылууда, андыктан улутубуздун баалуулуктарын сактап калуу үчүн жаңы милдеттер

талап кылынып жаткандыгы – туура көрүнүш. Коюлган маселелерге карата ыкмаларды издөө, кырдаалды акыл калчап ойлонуу, тигил же бул иш-аракеттердин натыйжаларын болжолдоо, натыйжаларды талдоо, жаңы аракеттерди издөө жана аларды ишке ашырмайынча бул милдеттерди чечүү мүмкүн эмес. Ошондуктан мындай тарбияга сугарылууга, жогоруда айтылгандай, эң башкысы үй-бүлөдө, андан соң мектепте, ЖОЖдо ээ болуу зарыл. Ушуга байланыштуу, этнопедагогикалык маселелер кийинки муунга туура багыт алууга жана патриот болууга жардам бере турган өбөлгөлөрдүн топтомун камсыз кылууга тийиш.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин элдик тарбиясын учурда жайылтууну көздөп, жайылтып эле тим болбостон, аны билим берүү системасынын педагогикалык дисциплиналарында кеңири, туура пайдаланууга, ошондой эле мамлекетибиздеги жаштарыбыздын дилине сиңирүүгө чакырабыз.

Кыргыз этнопедагогикасы улуттук иденттүүлүктү сактоо жана келечек муундарды тарбиялоодо маанилүү ролду ойнойт. Аны илимий негизде иштеп чыгуу, практикага киргизүү жана жайылтуу – учурдагы билим берүү системасынын маанилүү багыттарынын бири. Бул үчүн мамлекеттик деңгээлдеги стратегиялык иш-аракеттер, мугалимдерди окутуу, коомдук аң-сезимди көтөрүү зарыл

**Адабияттар:**

1. Алимбеков, А. Кыргыз элинин билим берүү салттары / А. Алимбеков. - Бишкек, 2021.
2. Алимбеков, А. Этнопедагогика / А. Алимбеков. - Бишкек, 1997.
3. Акматов, Б. Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиясы / Б. Акматов. - Бишкек, 2016.
4. Этнопедагогика / Н. А. Асипованын ред. астында. - Бишкек, 2019.
5. Даутов, К. Таланттар жана тагдырлар / К. Даутов. - Фрунзе, 1988.
6. Кенжешев, К. Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы / К. Кенжешов. - Бишкек, 2022 .
7. Муратов, А. Бала тарбиялоодогу кыргыз керемети / А. Муратов, К. Акматов. - Бишкек, 2020.
8. Мадаминов, Г. Ой өрүшү − кругозор / Г. Мадаминов, К. Батыров. - Бишкек, 2023.
9. Мадаминов, Г. Устаттык өнөрү / Г. Мадаминов. - Бишкек, 2023.
10. Омурзакова, К. К. Кыздарды тарбиялоодо элдик оозеки чыгармалар – баалуулуктун башкы булагы / К. К. Омурзакова, Н. А. Жумашова // Вестник Иссык-Кульского университета. - 2010. -№ 28. - 92-б.